Oş Devlet Üniversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
14-15. sayı 2011

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
14-15-саны 2011

# ТҮРК ЭЛДЕРИНДЕ ИСЛАМ ДИНИНИН ЖАЙЫЛУУСУ ЖАНА СУФИЗМДИН ОРДУ

**Замира Ахмедова**

Түрк элдеринде Ислам dininин жайылуусу ислам тарыхында гана маанилүү болбостон, адамзаттын тарыхындагы эң маанилүү окуялардан бири болуп эсептелет. Алар исламга кызмат кылышып алгылыктуу ийгиликтерге жетишкен.

Түрк элдеринде Ислам дининин жайылуусу көптөгөн кылымдардан кийин натыйжалангандыгы белгилүү. Бул процесс жалпысынан алганда үч жол аркылуу ишке ашкан. Биринчиси, мусулман арап аскерлеринин түрк элдери жашаган аймактарга жортуулдарды (фетх) жасап, ал жерлерге үстөмдүктөрүн орнотуу менен Ислам дини бул аймактарда тааныла баштаган. Экинчиси, мусулман араптар менен түрк элдеринин ортосундагы соодалык карым-катнаштар Ислам динин кабыл кылынышына шарт түзгөн. Үчүнчүсү, суфизм аркылуу түрк элдеринин Исламга болгон сезимдери артып, анын маани-маңызын түшүнүшкөн. Жогорудагы эки жол аркылуу алгач бир экиден бул динди тутунгандар пайда боло баштаса, суфизм жолу менен мусулман болгондордун саны өтө тездик менен өскөн.

Убакыттын өтүшү менен түрк элдери жашаган аймактардан дагы жүздөгөн суфийлер пайда болуп, алар элдин баардык катмарына үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Алар көчмөн болуп жашаган түрк урууларына чейин барышып, Ислам динин түшүндүрүшкөн. Күндөн-күнгө бул жаатта ийгиликтерге жетишкен. Ошол эле учурда алар, түрктөр жашаган Хорасан жана Мавераүннехр чөлкөмдөрүн, Ислам дүйнөсүнүн суфизм борборуна айландырышкан.

Суфизм аркылуу көптөгөн эл Ислам динин жактырышып мусулман болушкан. Мында бул динди үгүттөгөн жана анын буйруктарын жан-дили менен жашоого аракет кылган суфийлердин салымы чоң болгон. Алар динге байланыштуу жоболорду так аткарышкан. Адеп-аклактык жүрүм-турумдары менен үлгү болушкан.

Мына ошондуктан түрк элдеринде Ислам дининин жайылуу баскычтарын изилдеп далилдөө үчүн сөзсүз түрдө суфийлердин ордун дагы эске алуу зарылчылыгы бар экендиги талашсыз. Түрк элдеринде

Ислам дининин жайылуусундагы үч жолду кыскача ушундайча баяндамакчыбыз.[1]

## 1. Мусулман арап аскерлери аркылуу Ислам дининин жайылуусу

Түрк элдери жүздөгөн жылдар бою чоңдогон аймактарга ээ болушкан. Алар көчмөн эл болуп, жашоо-тиричиликтерин малчылык менен өткөрүшкөн. Душмандар менен салгылашып же болбосо муктаждыктан жер которуп жүрүп, башка элдердин маданияттары жана ишенимдери менен таанышышкан, мына ошолордон таасирленген. Ошол себептүү Ислам динин кабыл кылуудан мурда байыркы ишенимдери (шаманизм) менен бирге будизм, зороастризм, манихеизм, христиандык жана иудаизм сыяктуу диндерди дагы кабыл кылышкан. Бирок түрк элдеринин көпчүлүгү бул диндерди байыркы ишеним жана үрп-адаттары менен айкалыштыра алышкан эмес. Мына ошондуктан алар Ислам динин тутунушуп, андан сырткаркы диндерди улантышкан жок.[2] Кээ-бир булактарда Исламдан башка диндердин түрк элдеринин кулк-мүнөздөрүнө туура келбегендиги, аларды эр-жүрөктүүлүктөн узакташтыргандыгы айтылган. Көк-Түрк каганы Кул-Тегин борбор калаасына будист ыйбадатканасы курдурайын дегенде, ваазири ага "будист жолу жана доктринасы көчмөн түрк элдеринин жөндөмдүүлүгүнө зыян келтирет" деп ага тоскоол болгон.[3]

Түрк элдери менен араптардын мамилелери б.з. III-кылымынан тартып эле башталган. Согуштар аркылуу жана соода-сатык менен алар бири-бири жөнүндө маалыматка ээ болушкан. Ошол себептүү азирети Пайгамбардын (с.а.в.) түрк элдерин жакшы тааныгандыгы айтылган. Анын түрк элдери жөнүндө көптөгөн хадис айткандыгы баяндалган. Кээ бир булактарда азирети Пайгамбар (с.а.в.) түрк элдеринин башчыларына кат жазып, аларды Исламга чакыргандыгы дагы белгиленген.[4]

Бирок түрк элдери менен араптардын жакындан мамиле түзүүлөрү жана ошол себептүү алардын Исламды таануулары азирети Пайгамбардан (с.а.в.) кийин башталган. Азирети Умар (634-644) жана

---

[1] Булар жөнүндө кеңири маалымат үчүн караңыз, Замира Ахмедова, Түрклер арасында исламиетин яйылмасында тасаввуфун ролү, (басыла элек магистрдик диссертация, Анкара университети социалдык илимдер институту) Анкара 2006, 1-58-беттер.

[2] Гүнай Түмер-Абдуррахман Кучук, Динлер тарихи, Анкара 1993, 78-бет; Үнвер Гүнай-Харун Гүнгөр, Түрклерин дини тарихи, Стамбул 2003, 155-бет.

[3] В. В. Бартольд, Орта Ася түрк тарихи, түркчөгө даярдаган Хүсейин Даг, Анкара 2004, 18-бет.

[4] Х. Дурсун Йылдыз, Исламиет ве түрклер, Стамбул 1980, 5-6- беттер; Зекерия Китапчы, "Хз. Пейгамберин хадислеринде түрклер", Түрк дүнясы араштырмалары, 2-чыгарылышы, Стамбул 1986, 1-8-беттер.

азирети Осмон (644-656) Ислам дүйнөсүн башкарып турган убакыттарда мусулмандардын армиясы фарс элдери, андан кийин түрк элдери жашаган аймактарга чейин келишкен. Мына ошол мезгилден баштап түрк элдеринин арасында Ислам динин кабыл кылгандар пайда боло баштаган.

Умаййаддардын (Омейады) мезгилинде (661-750) түрк элдери жашаган аймактарга мусулман аскерлер тездик менен келе башташкан. Алардын ичинен Кутейбе бин Муслим сыяктуу аскер башчылар чабуулдарда негизги ролду ойношкон. Алар ошол эле учурда жергиликтүү элдердин көңүлүн алууга жана түрк элдер жашаган аймактарда Ислам динин жайылтууга аракет жасашкан. Мечиттерди курушкан, элди Куран окууга чакырышкан. Бул аракеттердин натыйжасында кээ бир түрк уруулары Ислам динин кабыл кыла башташкан. Буларга карабастан түрк элдеринин көпчүлүгү Аббасилердин убагында (750-1258) Ислам динини кабыл кылышкан. Мында алардын, мурдагы бийликтегилерге караганда түрк элдерине туура мамиле жасагандыктары негиз болгон.[5]

Көрүнүп тургандай түрк элдеринин баары кыска убакыттын ичинде Ислам динин кабыл кылышкан эмес. Алар алгач мусулман арап аскерлери менен келген Ислам динине дароо эле ыкташкан жок. Бирок бул диндин маанисин жеткиликтүү үйрөнө башташкандан кийин гана аны баалашкан. Бул нерселер көптөгөн убакытка созулган. Кээде тирешүүлөр дагы болуп турган.[6] Башкача айтканда түрк элдери, Ислам динин тутунушкан мусулмандар менен тыгыз мамиле болуп, бул аркылуу анын баалуулуктарын түшүнө башташканда гана тездик менен кабыл кылышкан.

**2. Соодалык карым-катнаштар аркылуу Ислам дининин жайылуусу**

Түрк элдеринде Ислам дининин жайылуусунда алардын мусулмандар менен соода аркылуу мамиле кылууларынын орду чоң болгон. Араптар байыртадан бери эле соода менен алек болушкан.[7] Азирети Пайгамбар (с.а.в.) дагы соодагерчилик кылган. Тарыхый булактарда анын соода-сатык иштери менен Сирияга чейин барып келгендиги айтылат. Ислам дини жайыла баштаган мезгилдерде бул жердеги мусулмандар, жибек жолу аркылуу келген соодагерлер менен жолугушуп алар менен соода кылышкан. Мусулман соодагерлер дагы жибек жолун колдонуп, түрк элдери жашаган аймактардан жол жүрүп

---

[5] Караңыз Х. А. Р. Гибб, Орта Асяда арап фетихлери, түркчөгө которгон Хасан Курт, Анкар 2005, 29- бет; Зекерия Китапчы, Түркистанын мүслүман араплар тарафындан фетхи, Конья 2005, 85-98-беттер.

[6] Тургут Акпынар, Түрк тарыхында исламиет, Стамбул 1999, 44-48-беттер.

[7] Курейш сүрөсү, 1-3.

өтүшүп, Кытайга барып соода кылып турушкан. Бул соода жолу аркылуу элдер бири-бири жөнүндө маалыматка ээ болушкан. Мына ошондон улам Ислам дини түрк элдерине тааныла баштаган.[8]

Мусулман арап аскерлердин түрк элдери жашаган аймактарга келиши менен соода иштери мындан дагы өркүндөп өскөн жана Ислам дининин жайылуусуна өбөлгө болгон. Бул жөнүндө Бартольд ушундай деп баяндама кылган: "Араптар менен Борбордук Азия элдери ортосунда байыртадан бери соода карым-катнаштары уланып келген. VIII-кылымдан баштап араптардын дагы бул жактарга келиши менен бул багытта алгылыктуу мамилелер башталды. Кытай булактарында арап соодагерлер үч жылда бир жолу соода кербендери менен Енисей дарыясынын башына чейин, Кыргыздарга чейин барып келишкен."[9]

Божомолдоп айтканда дин кызматкерлери ошол кербендерден пайдаланып түрк элдерине Ислам динин таанытышкан. Мусулман соодагерлер токтоп өтүшкөн соода борборлорунда мечиттер куруп, жергиликтүү элге колдоо көрсөтүшкөн. Бул мечиттерде убакыттын өтүшү менен мусулман жамааттары көбөйүшкөн.[10]

Тарыхый булактарда кээ бир түрк шаарларынын арап аскерлеринин келүүлөрүнөн мурда эле соода жолу менен Ислам дини жөнүндө маалыматы бар деп айтылат. Мисалы: ошол кездерде соода борборлордон бири катары көрсөтүлгөн жана жибек жолунда болгон Бухара шаары ислам дүйнөсү менен тыгыз байланышта болгон. Соода менен алек болгон Бухара тургундары мусулмандар жашаган аймактарга барып келип турушкан. Алар бул жол аркылуу Ислам дини менен таанышышкан жана алардын ичинен кээ бирөөлөрү бул динди кабыл кылышкан. Ошонтип Ислам дини Бухарада жайыла баштаган.[11]

Мындан кийинки убакыттарда түрк элдеринин бири-бири менен болгон соода-сатык мамилелери аркылуу дагы Ислам дини жайылган. Ошол мезгилдерде мусулмандардын белгилүү шаары болгон Харезмдин тургундары Хазар жана Волга булгарлары менен соода-сатык иштерин жүргүзүшкөн. Соода кылып жатып түрк элдери бири-бирине Ислам тууралуу маалымат беришкен.[12]

Айтып өткөнүбүздөй Ислам дини алгач шаарларда жашаган түрк элдерине жайылган. Жаңы мусулман болгон түрк элдери менен көчмөн болуп жашаган түрк элдери бири-бири менен карым-катнашта болушкан. Көчмөн түрк элдери мал жандыктарын сатуу үчүн

---

[8] Зекерия Китапчы, Йени ислам тарихи ве Түркистан, Стамбул 1991, 226-227-беттер.

[9] Бартольд, 43- бет.

[10] Несими Языжы, Илк түрк-ислам девлетлери тарихи, Анкара 2002, 63-бет.

[11] Хасан Курт, Исламлашма сүрежи, Анкара 1998, 229-230-беттер.

[12] Бартольд, 64- бет.

шааларга келишкен. Бул аркылуу алар дагы Исламдан кабардар болушкан.[13]

**3. Суфизм аркылуу Ислам дининин жайылуусу**

Пайгамбарлардын негизги милдеттеринин бири Аллахтан алган буйруктарды (вахий) адамдарга жеткирүү болуп саналат. Бул милдетти азирети Мухаммед (с.а.в) дагы жогорку деңгээлде орундаткан. Анын жолун жолдошкон сахабалар жана алардан кийинкилер Ислам динин көптөгөн өлкөлөргө жайылтышкан. Суфилер дагы бул багытта өзгөчө мааниге ээ болушкан жана алар көптөгөн адамдарга өз таасирлерин беришип алардын мусулман болууларына шарт түзүшкөн. Башкача айтканда түрк элдеринин Ислам динин кабыл кылууларында суфизмдин орду чоң болгон.

Суфилер элдин психологиясын жакшы билишкен. Жашоонун ар-кандай шарттарына адаптация боло алышкан. Элге динди жөнөкөйлөтүп түшүндүрүшкөн. Үгүт иштеринде жөнөкөй жана сылык мамиледе болушкан.[14]

Түрк элдери жашаган Хорасан жана Мавереүннехр аймактарында VIII-кылымдан баштап суфизм аракеттери ортого чыга баштаган. Бул жерлерде жашаган адамдар көбүнчө суфизмден таасирленип мусулман болушкан. Мындай болушунун себептеринин бири катары, түрк элдеринин мурдатан бери ишенип келишкен мистик мүнөзгө ээ болгон ишенимдеринин суфизмге жакын болушу көрсөтүлгөн. Ошондуктан алар суфизмге ыктай баштагкан. Кээ бир булактарда алгач мурдагы шаман жана акындардын ордун "баб" жана "ата" деп таанылган дербиштер ала баштагандыгы айтылат.[15]

Түрк элдеринин Ислам динин кабыл кылууларында Рибат деген мекемелердин орду чоң болгон. Рибат сөзү арапчадан келген. Бул сөз "чек араларда душмандарды көзөмөлдөө" деген мааниге келет. Бул тууралуу Курандын аяттарында айтылган.[16] Рибаттар кийинки мезгилдерде мусулмандардын чек араларында душмандарды көзөмөлдөгөн мекемелери болгон. Ошол эле учурда бул мекемелер Ислам динин жайылтууну максат кылган суфилердин калуучу жайлары катары дагы колдонулган. Башкача айтканда алгач аскерлер үчүн курулган бул мекемелер, барган сайын чек аралардын алдыга

---

[13] Бартольд, 66- бет.

[14] Сейфеттин Эршахин, Кыргызлар ве Исламиет, Анкара 1999, 54-бет.

[15] М. Фуад Көпрүлү, Түрк эдебиятында илк мутасаввыфлар, Анкара 2003, 50-бет.

[16] "…. Сабырдуу жана сергек болгула … (Аль-Имран сүрөсү/ 200); … аларга каршы күч-кубат жана атчандарды толук даярдыкта кармагыла!... (Аль-Анфал сүрөсү/ 60).

карай жылышы менен жалгыз гана суфилер үчүн кызмат кылып, текке жана завиелерге айланган.[17]

Мындай мекемелер Ислам дининин жайыла баштаган мезгилдерде элдер тарабынан жакшы кабыл кылынган. Колунда бар мусулмандар мындай мекемелерди Аллахтын үйлөрү катары баалашкан жана колдорунан келишинче жардамдарын аяшкан эмес. Жада калса алар бири-бири менен жарышып көптөгөн рибат, текке жана завиелерди курууга арекет жасашкан. Бул жерлерде жогорку даражалуу аалымдардан тарбия алган суфилер түрк элдери жашаган жерлерге барышып, Ислам динин үгүттөө иштерин жүргүзүшкөн.[18] X-кылымда түрк элдери жашаган жерлерде көптөгөн текке жана завиелер пайда болгон. Тарыхый булактарда бул жөнүндө мурдагы будисттердин вихараларынын (ыйбадаткана) кээ бирлери текке жана завие катары колдонула баштап, алардын жанына жаңы имараттар курулгандыгы дагы айтылган.[19]

Түрк элдери жашаган аймактарда алгач Маламатия, Каррамия жана Каландария сыяктуу суфий агымдары жайылган жана алардын Ислам динин кабыл кылууларында маанилүү болушкан. Булардан Маламатия кеңири таркаган. Бул агымдан Ахмад Яссавийдин дагы таасирленгендиги айтылып келет. Зуннун эл-Мысри, Сахил ат-Тустарий, Жунайд Багдади жана Халлаж Мансур сыяктуу таанымал суфилер дагы андан таасирленген. Бул агым XII-кылымда Кубравия жана Мавлавия деген чоң агымдарга, андан киийин XV-кылмда курулган Хажы Байрам Вели агымына дагы таасирин тийгизген.[20]

Ошол мезгилдерде суфилер элди башкарып турган чоңдорго дагы Ислам динин түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн. Караханиддер мамлекетинде жашаган элдердин мусулман болушун суфилер баштаткан. Алгач алардын берген насааттарынан улам Караханид мамлекетинин өкүмдары Сатук Буура Хан мусулман болгон. Ал башкарып турган элди дагы Исламды кабыл кылууга чакырган. Мындан кийин мусулман болгондордун саны тездик менен өсө баштап, бир эле убакыттын ичинде 200.000 боз үй эл Ислам динин кабыл кылган.[21]

Мына ушундай топ-топ болуп Исламды кабыл кылуу мезгилинде Хоросан жана Мавереүннехр аймактарында көптөгөн суфилер пайда болгон. Алардын таанымалдарын "баб" деп аташкан.

---

[17] Яшар Нури Өзтүрк, Тасаввуфун руху ве тарикатлар, Стамбул 1999, 130- бет.

[18] Зекерия Китапчы, Түрклер насыл мүслуман олду?, Конья 2004, 99-101-беттер.

[19] А. Й. Ожак, "Завие", Ислам ансиклопедиси, Стамбул 1986, XIII-том, 469-бет.

[20] Нихат Азамат, "Меламие", Диянет ислам ансиклопедиси, Анкара 2004, XXIX- том, 24-25-беттер.

[21] Язычы, 65- бет.

Мына ошондо Машук Туси жана Амир Али Абу Халис деген суфилер жакшы таанылган.[22]

Суфизмдин кеңири таркалышы жана элдин аларга болгон жылуу мамилелеринден улам бул нерсе ошол кездеги мамлекеттер тарабынан дагы расмий түрдө баалана баштаган. Ошол себептүү бийликтегилер жада калса падышалар суфилердин чоңдорун өздөрүнө жакындатууга арекет кылышкан. Аларга урмат-сый менен мамиле жасашкан.[23]

Түрк элдерине Ислам динини сүйдүргөндөр саякатчы суфилер болгон. Булардын ичинде Халлаж Мансур (856-922) маанилүү орунга ээ. Ал беш жыл бою түрк элдери жашаган аймактарда саякат жасап, элге Исламды жана Аллахка болгон сүйүүнү түшүндүргөн.[24]

Кыргыздардын Ислам динин кабыл кылууларында дагы суфилердин таасири болгон. Кыргыздар Халлаж Мансурду жакшы таанышкан. Мына ошондуктан ага байланыштуу маалыматтар санжыраларда дагы айтылып келген. Кээ бир маалыматтарда ал кыргыздардын атасы деп белгиленген. Бул маалыматтардын чындыгы тарыхый негиздерге туура келбесе дагы кыргыздардын Халлаж Мансур сыяктуу чоң суфиден кабардар болуулары, бул нерсени жүздөгөн жылдар бою оозеки түрдө сактап келгендиктери, алардын суфизмге жакын болгондуктарынан кабар берет. Тарыхый маалыматтарга караганда Халлаж Мансур 903-жылындан кийин Ислам динин үгүттөө үчүн Чыгыш Туркистанга барып бул жерлерде түрк элдерин Ислам динине чакырган. Ошол учурда кыргыздар менен жолугушу дагы ыктымал.[25]

Түрк элдеринин Ислам динин кабыл кылууларында кожо Ахмад Яссавийдин (1093-1166) таасири чоң болгон. Ал динге кылган кызматтары үчүн "Туркистандын пири" деген наамга ээ болгон. Аны жолдогондор Яссавийлик деген жол менен (тарикат) XV-кылымда Накшыбендийлик жолунун чыгышына чейин түрк элдерине чоң кызматтарды кылышкан.[26]

---

22 Абдуррахман Жами, Нафахатул үнс мин хаторатил Кудус терҗемеси, түркчөгө которгон Камил Жандоган-Сефер Малак, Стамбул 1971, 359-360-беттер.

23 Көпрүлү, Түрк эдебиятында илк мутасаввыфлар, 49-50-беттер.

24 Лоис Массигнон, "Халлаж", Ислам ансиклопедиси, Стамбул, жылы жок, 168-бет.

25 Эршахин, 54-55- беттер; бул жөнүндөгү башка маалыматтар үчүн караңыз Сапарбек Закиров, Кыргыз Санжырасы, Бишкек 1996, 76-бет; Сейфеттин Ахсикенди, Тарыхтардын жыйнагы, которгон Молдо Мамасабыр Досболов-Омар Саранов, Бишкек 1996, 33-бет; С. Аттокуров, Кыргыз санжырасы, Бишкек, 1995, 37-39-беттер; Хусейин Карасаев, Камус наамадан жороп, Бишкек 1992, 9-10-беттер; Али Жусубалиев, Кыргызларын исламиети кабулү, (басыла элек доктордук диссертация Анкара университети социалдык илимдер институту), Анкара 2006, 36-37-беттер.

26 М. Фуад Көпрүлү, "Ахмед Йесеви", Ислам ансиклопедиси, I-том, 210-215-беттер; А. Й. Ожак, Түрк суфилигине бакышлар, Стамбул 2000, 46-47-беттер.

Азырынча так маалыматтар болбосо дагы Ахмад Яссавийдин Дивани Хикмат чыгармасынын кээ бирки накыл сөздөрү Сырдарыя менен кыргыздарга жетип, бул жерлерде чоң мааниге ээ болгону айтылган. Ахмад Яссавий тууралуу аңгемелер анын үчүнчү орун басары болгон жана элдин арасында "Хаким Ата" деп аталган Сулайман Бакыргани (өлгөн жылы 1186) тарабынан кыргыздарга жайылган. Ошол жылдары кыргыздардан көптөгөн адамдар Ислам динин кабыл кылышкан. Ошондой эле Сулайман Бакырганидин "Бакырган китеби" деген чыгармасы бул чөлкөмдө кеңири тараган. Анын нускалуу сөздөрү Ахмад Яссавийдикиге окшоп жөнөкөй сөздөр менен айтылган.[27]

Түрк элдерине Ислам динин терең үйрөткөн, сүйдүргөн жана анын кабыл кылуусуна жол ачкан суфилердин башында Ахмад Яссавий жана анын жолдоочулары болгон. Бирок ушул нерсени эске салып кетүү абзел. Ахмад Яссавий чыгаардан мурда эле түрк элдери жашаган жерлерде суфизм таркалган болчу. Түрк элдери диний ырларды ырдаган, Аллахтын ыраазычылыгы үчүн элге жакшылык кылган, аларга бейиш жана бакыт жолун көргөзгөн суфилердин айткандарына ишенишип келген. Арстан Баб, Коркут Ата, Чабан Ата сыйактуу суфилер жөнүндөгү уламыштар жана кереметтер (чудеса) шаарларда эле эмес, көчмөн түрк элдеринде дагы таанымал болгон. Башкача айтканда Ахмад Яссавий жашаган мезгилде түрктөр жашаган аймактарда жана тоолуу жерлерде элге өздөрүнүн максаттарын түшүндүрө алган көптөгөн суфилер өткөн. Ахмад Яссавий өзүнөн мурда жашаган суфилерден жогору даражалуу болгондугу талашсыз. Бирок андан мурда жашап кеткен суфилер негиз болуп беришпегенде, анын мынчалык ийгиликке жетиши кыйын болоор эле.[28]

Ахмад Яссавий Түркистандын Сайрам шаарчасында төрөлгөн. Туулган жылы так белгилүү эмес. Болжол менен XI-кылымдын экинчи жарымында жашаган. Уламыштарда ал жети жашка чыкканда Кызырдан тарбия алган. Азирети Пайгамбардын (с.а.в.) руханий көрсөтмөсү менен Арстан Баб ага жол көрсөткөн. Ошол себептүү ал кыска убакыттын ичинде атак-даңкка ээ болгон. Андан кийин таалимин чоң суфи аалымдарынын бири болгон Жусуп Хамеданиден алган.[29]

Ахмад Яссави таалимин аяктап Исламды түшүндүрүү иштерине баштаган мезгилде көчмөн элдерге жөнөкөй тилдик ыкмаларды колдонуп, аларды Исламдын жакшы дин экендигине ынандырган. Ал байыртадан улантылып келген ырдык формаларды колдонуп, көптөгөн адамдарга максатын айта алган.[30]

---

[27] В. В. Бартольд, 125-126- беттер; Эршахин, 55-56- беттер.

[28] Көпрүлү, Түрк эдебиятында илк мутасаввыфлар, 50-бет.

[29] Көпрүлү, Түрк эдебиятында илк мутасаввыфлар, 85-90- беттер.

[30] Кемал Эраслан, "Йесеви", Ислам ансиклопедиси, Стамбул 1989, II-том, 160-161-беттер.

Ахмад Яссавийдин Дивани Хикмат чыгармасы кеңири таанымал. Бирок бул чыгарманын мазмундары бири-биринен айырмаланып турган бир канча басылмалары бар. Ошол эле учурда алар колдонулган тилдик ыкмалар жагынан дагы бири-биринен айырмаланат. Бул нерсе алардын бир канча адам тарабынан жана ар кайсыл жерлерде жазылгандыктарынан кабар берет. Мындан сырткары Дивани Хикматка, Ахмад Яссавийди жолдоочу суфилердин хикматтары (насыяттары) да аралашып кеткендиги айтылып келет. Ошого карабастан түрк элдери Дивани Хикматты ыйык китеп катары баалашкан. Аны кылымдар бою колдонушкан. Бул чыгарманын негизги максаты Ислам динине жаңы кирген же али бул динди кабыл кыла элек түрк элдерине Ислам динин негиздерин жана Ахли сүннөт акыйдасын үйрөтүү болгон.[31]

Түрк элдерине Ислам динин түшүндүрүү жана көчмөн элге бул динди жеткирүү иштери XV-кылымдан баштап Накшыбендийлик жолу (тарикат) аркылуу улантылган. Бул жолдун куруучусу Бахауддин Накшыбенди (1318-1389) болгон. Накшыбендийлик жолу кыргыздар арасында дагы таркалып өз таасирин көрсөткөн. Бул жолдун улантуучуларындан болгон Шейх Лүтфуллах Чусти жана анын орун басары Шейх Мухаммед, казак жана кыргыздардын Ислам динин кабыл кыуулары үчүн үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Мындан кийин Хожа Исхак Вели дагы арекеттерди жасап кыргыздардын арасында 12 жыл түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Булардын натыйжасында алар таасирленип Исламды тутунушкан.[32]

## Адабияттар

АЗАМАТ, Нихат "Меламие", Диянет Ислам ансиклопедиси, Анкара 2004, XXIX- том.

АКПЫНАР, Тургут, Түрк тарыхында Исламиет, Стамбул 1999.

АТТОКУРОВ, С., Кыргыз санжырасы, Бишкек, 1995.

АХМЕДОВА, Замира, Түрклер арасында Исламиетин яйылмасында тасаввуфун ролү, (басыла элек магистрдик диссертация, Анкара университети социалдык илимдер институту) Анкара 2006.

АХСИКЕНДИ, Сейфеттин, Тарыхтардын жыйнагы, которгон Молдо Мамасабыр Досболов-Омар Саранов, Бишкек 1996.

БАРТОЛЬД, В. В., Орта Ася түрк тарихи, түркчөгө даярдаган Хүсейин Даг, Анкара 2004.

---

[31] Кемал Эраслан, "Диван-ы хикмет", Ислам ансиклопедиси, Стамбул 1994, IX-том, 449-бет; Көпрүлү, Түрк эдебиятында илк мутасаввыфлар, 136-бет.

[32] Эршахин, 60-62- беттер.

ГИББ, Х. А. Р., Орта Асяда арап фетихлери, түркчөгө которгон Хасан Курт, Анкар 2005.
ГҮНАЙ, Үнвер - ГҮНГӨР, Харун, Түрклерин дини тарихи, Стамбул 2003.
ЖАМИ, Абдуррахман, Нафахатул үнс мин хатаратил Кудүс тержемеси, түркчөгө которгон Камил Жандоган-Сефер Малак, Стамбул 1971.
ЙЫЛДЫЗ, Х. Дурсун, Исламиет ве түрклер, Стамбул 1980.
ЗАКИРОВ, Сапарбек, Кыргыз санжырасы, Бишкек 1996.
КАРАСАЕВ, Хусейин, Камус наамадан жороп, Бишкек 1992.
КИТАПЧЫ, Зекерия, Йени Ислам тарихи ве Түркистан, Стамбул 1991.
____________, Түрклер насыл мүслүман олду?, Конья 2004.
____________, Түркистанын мүслүман араплар тарафындан фетхи, Конья 2005.
____________, "Хз. Пейгамберин хадислеринде түрклер", Түрк дүнясы араштырмалары, 2-чыгарылышы, Стамбул 1986.
КӨПРҮЛҮ, М. Фуад, "Ахмед Йесеви", Ислам ансиклопедиси, І-том.
____________, Түрк эдебиятында илк мутасаввыфлар, Анкара 2003.
КУРТ, Хасан, Исламлашма сүрежи, Анкара 1998.
МАССИГНОН, Лоис, "Халлаж", Ислам ансиклопедиси, Стамбул, жылы жок.
ОЖАК, А. Й., "Завие", Ислам ансиклопедиси, Стамбул 1986, XIII-том.
____________, Түрк суфилигине бакышлар, Стамбул 2000.
ӨЗТҮРК, Яшар Нури, Тасаввуфун руху ве тарикатлар, Стамбул 1999.
ТҮМЕР, Гүнай - КҮЧҮК, Абдуррахман, Динлер тарихи, Анкара 1993.
ЭРАСЛАН, Кемал, "Диван-ы хикмет", Ислам ансиклопедиси, Стамбул 1994, IX-том.
____________, "Йесеви", Ислам ансиклопедиси, Стамбул 1989, II-том.
ЭРШАХИН, Сейфеттин, Кыргызлар ве Исламиет, Анкара 1999.
ЖУСУБАЛИЕВ, Али, Кыргызларын Исламиети кабулү, (басыла элек доктордук диссертация Анкара университети социалдык илимдер институту), Анкара 2006.
ЯЗЫЖЫ, Несими, Илк түрк-Ислам девлетлери тарихи, Анкара 2002.